**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС<br>ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР<br>КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ<br>ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ<br>ДЕПУТАТОВ**

**«28»-январь 2026-жыл**

**X чакырылыш<br>кезексиз XXII сессия**

**ТОКТОМ №9 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарындагы жеке менчик жер тилкесин муниципалдык менчикке өткөрүп алуу жана өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” мыйзамынын 5-беренесине ылайык, Манас шаарынын мэринин биринчи орун басары К.Иманалиевдин сунушунун негизинде Манас шаардык депутаттар кеңешинин курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XXII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаардык депутаттар кеңешинин 29.05.2025-жылдагы кезектеги IX сессиясынын №5-токтомунун 3-пунктунун 5-абзацы күчүн жоготту деп табылсын.
2. Манас шаарынын Курманбек көчөсүнүн №4а/3 дарегиндеги “Аэро” жоопкерчилиги чектелген коомуна таандык 3000,0 чарчы метр жер тилкеси муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.
3. Манас шаарынын Б.Аттокуров көчөсүндөгү №66 дарегинде жайгашкан 3000,0 чарчы метр муниципалдык жер тилкеси алмашуу жолу менен “Аэро” жоопкерчилиги чектелген коомуна өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
4. Манас шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов) жерди өткөрүп алууда жана өткөрүп берүүдө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
7. Ушул токтом Манас шаарынын www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**